***Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна,***
***педагогика илимдеринин кандидаты,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# АДЕПТИК-РУХИЙ КРИЗИСТИН XX КЫЛЫМДАГЫ СЕБЕПТЕРИ ЖАНА АНДАН ЧЫГУУГА АРНАЛГАН ТАРБИЯЛЫК СИСТЕМАЛАР

***Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна,***
***кандидат педагогических наук,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# ПРИЧИНЫ ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОГО КРИЗИСА XX ВЕКА И ПОСВЯЩЕННЫЕ ДАННЫМ ПРОБЛЕМАМ ВОСПИТАТЕЛЬНЫЕ СИСТЕМЫ

***Zhumabayeva Gulaiym Abdysamatovna,***
***candidate of pedagogical sciences,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# THE CAUSES OF THE SPIRITUAL AND MORAL CRISIS OF THE XXth CENTURY AND EDUCATIONAL SYSTEMS DEDICATED TO THESE PROBLEMS

***Аннотация:*** *Макалада совет доорундагы адептик-рухий тарбиянын кемчиликтери, рухий кризистин себептери баяндалган. Дүйнө жүзүндө рухий кризиске себеп болгон жагдайлар: фашизм, геноцид, расалык дискриминация, колониялык саясат, согуштар, миллитаризм, капиталисттик, социалисттик системанын тирешүүсү, диний экстремизм ж.б. белгиленет. Өткөн кылымда ар бир өлкөнүн өз идеологиясы болгону менен, стандартташтырууга, борбордоштурууга, синхрондоштурууга, максималдаштырууга, социалдык заказга жараша детермицияланган орточо инсанды калыптандырууга, окуучуну деформациялоого, унификациялоого, «конвеерден» чыгарууга жол берилген. Макаланын акырында адептик-рухий кризистен чыгуу үчүн жер жүзүндөгү педагогикалык системалардын аракети баяндалган.*

***Аннотация:*** *В статье описываются погрешности духовно-нравстенного воспитания советской педагогики, причины духовного кризиса. Причинами духовно-нравственного кризиса XX века являются: фашизм, геноцид, расовая дискриминация, колониальная политика, миллитаризм, вооружение и противостояние капиталистических, социалистических систем, религиозный экстремизм и т.д. Хотя каждая страна имело свою идеологию, везде имело место стандартизация, централизация, синхронизация, максимализация, формирование среднего человека по социальному заказу, детерминация, деформация ученика, унификация и т.д. В конце статьи описываются деятельности педагогических систем мира по выходу из духовно-нравственного кризиса.*

**Annotation:** *The article describes the errors of spiritual and moral education of Soviet pedagogy, the causes of the spiritual crisis. The causes of the spiritual and moral crisis of the twentieth century are: fascism, genocide, racial discrimination, colonial policy, militarism, arming and opposing capitalist, socialist systems, religious extremism, etc. Although each country had its own ideology, everywhere there was standardization, centralization, synchronization, maximization, the formation of the average person according to the social order, determination, deformation of the student, unification, etc. At the end of the*

*article, the activities of the world's pedagogical systems to overcome the spiritual and moral crisis are described.*

***Түйүндүү сөздөр**: адептик-рухий, тарбиялоо, педагогикалык система, эмоция, ой жүгүртүү, интеллект, маданият, көз караш, психика ж.б.*

***Ключевые слова:** духовно-нравственное, воспитание, педагогическая система, эмоция, мышление, интеллект, культура, мировоззрение, психика и т.д.*

***Key words:** spiritual and moral, education, pedagogical system, emotion, thinking, intellect, culture, worldview, psyche, etc.*

**Киришүү.** Аристотель: «Рух – табигаттын жазылбаган китеби, анын барактарындагы жазууларды адамдын тажрыйбасы жазат» – деген. Ар бир доордун жана маданияттын рухий тарбиясы ар башкача жүргүзүлүп келген. Орто кылымдарда Европада, Россияда рухий тарбия латын тилинде Библияны окутуу аркылуу жүргүзүлгөн. Орто Азияда жадид (жаңы) усулу, кадим (диний) мектебинде окутуу аркылуу тарбиялаган. Анын максаты, милдети, мазмуну, форма-методу аныкталган педагогикалык система болгон. Алар көп кылым бою адамга жеке жана жамаат аркылуу таасир эткен. Өзүн-өзү таануу, көзөмөлдөө, тарбиялоо үчүн ынандырууга, напсини (өзүмчүлдүктү, сорготукту, ач көздүктү ж.б.) тыюуга, күнөөдөн карманууга, ойду обьектке концентрациялоога (сыйынууга) көңүл бөлгөн. Мурдагы доордогу тарбия аңдоонун, бейаңдын (подсознание, бессознательное) эмоциянын, эркtin өзгөчөлүгүн эске алган б.а. психологиялык билимге таянган. Советтик педагогика аңдоонун, бейаңдын өзгөчөлүгүнө жеткиликтүү көңүл бөлгөн эмес [7]. Азыркы педагогикалык адабияттарда алардын маанисине көңүл бөлүүгө багыт алды. КМШнын курамына кирген өлкөлөр светтик билим берүүчү мүнөздө болгонуна байланыштуу окуучулардын илимий көз карашын калыптандырууга басым жасалат, бирок диний көз караштагы окуучулардын, ата-энелердин ишенимин, сезимдерин урматтоого чакырат.

**Изилдөөнүн максаты**. XX кылымдагы адептик-рухий кризистин себептерин ачуу, кризистен чыгуу боюнча жаңылыктарды табуу.

**Милдети**. Адабияттарды анализдөө аркылуу дүйнө жүзүндөгү тарбиялык системалардын кризистен чыгууга карата практикалык аракетин, *усулдарын* изилдөө.

Педагогикалык ишмердиктин максаты менен рухий тарбия – тарыхый өзгөрүүлөргө ылайык динамикалуу болгон. Коомдун социалдык өнүгүшү, материалдык жана рухий талаптары, жаңы тенденциялар, өлкөнүн табигый, экономикалык мүмкүнчүлүгү ж.б. менен билим берүүнүн максаты аныкталып келген. Бирок дайыма адептик-рухий маселелер, тарбиялык чөйрө түзүү, инсанды чөйрө жана өзү менен гармониялуу өнүктүрүү маанилүү болгон.

Педагогдун тарбиялык жана билим берүүчүлүк максатына жетиши анын ишинин натыйжалуулугунун критерийи болуп саналат. Окуучунун аракетинин натыйжалуулугунун критерийи болуп: билими, билгичтиги, көндүмү, таанып билүүсү жана практикалык маселелерди чечүү жолдорун (ыкмаларды) өздөштүрүшү, интеллектуалдык, руханий өнүгүшүнүн интенсивдүүлүгү эсептелет.

Педагогдун даярдыгына коюлуучу талаптар: окуучунун психологиялык, физиологиялык, физикалык ж.б. абалын билүү, илимий-теориялык билими жана практикалык компетенттүүлүгү, окуучуларды адептик-рухий өнүктүрүүдөгү ж.б. маселелерди чечүү, анын профессионализминин негизи катары эсептелет [10]. В.А. Крутецкийдин пикири боюнча: педагогдун дидактикалык, академиялык, коммуникативдик шыгы, педагогикалык акыл ой чабыты жана көңүлүн балдардын баарына тең бөлүү жөндөмү (бул рухий) эсептелет. А.И. Щербаков: анын интеллигенттүүлүгү, руханий маданияты, баланы сүйүүсү, илимий-педагогикалык ойлому, балдардын физикалык, психикалык соолугуна камкордук көрүшү маанилүү, – деп ырастаган.

Адамдардын чын жүрөктөн чыккан мамиледен, биримдиктен, ынтымактан ж.б. руханий байлык түзүлөт. Педагог менен

окуучунун чын жүрөгүнөн мамилесинен рухий аракет башталат. Адептүү байланыштан, позитивдүү ойлордон адамдын жан дүйнөсү тазарат. Бири-бирине жардам берүү менен маселелер чечилет. Жардам берүү – руханий кубаттуулук. Руханий өнүгүү үчүн бала моралдык сапаттарын оңдоонун үстүндө тынымсыз аракеттенүү, жаман ойлорду, негативдүү эмоцияны тыюу, ниетин агартуу, пейилин кеңейтүү абзел. Рухий оорулар: көрө албастык, жашоосуна канааттанбагандык, кара ниеттик, арамзалык, ичи тардык, кумардануу ж.б.

Рухий сыркоолук – аномалдуу абал, ал психикалык дартка өбөлгө болот. Дене тарбияга көңүл бөлбөсө, ден-соолук начарлайт. Рухий тарбияга көңүл бөлбөсө, дил соолук начарлайт. Рухтун бышыктыгына көңүл бөлбөсө, турмуштук жагдайлар (стресс, жагымсыз шарт, туура эмес саясат ж.б.) аркылуу акылга, жүрөккө, жан дүйнөгө жаман ой, сезим отурукташат.

Педагогдун идеялы, адептик-рухий абалы, моралдык сапаттары, баалуулуктары, коомдук жана жарандык милдетин сезиши, жоопкерчилиги, балдарга карата оң эмоционалдык мамилеси, баалоодо калыстыгы педагогдун өтө терең фундаменталдык мүнөздөмөсү катары саналат. Педагог балдарды калыс баалаш үчүн ар бир баланын интеллектуалдык, рухий дүйнөсүн терең таанышы керек.

Инсандын таанып билүү багытынын негизин анын маданий, рухий талаптары, кызыгуусу түзөт. Педагогдун гуманисттик аракети анын көп тараптуу рухий талаптары менен байланыштуу, аң-сезими, баалуулуктары моралдын, философиянын, өлкөнүн идеологиясынын, коомдук экономикалык формациянын абалына о.э. институттардын окуткан теориясына, жаңы идеяларга, концепцияларга жараша калыптанат. Педагогикалык маданияты, тажрыйбасы, чыгармачылык аркылуу түзүлөт [9].

Мугалимдин ийгилиги анын интеллектуалдык потенциалынан, дүйнө таанымынын кенендигинен, рухий кубатынан көз каранды. Педагогдун сезимдеринин тарбиялангандыгы, эмоционалдык маданияты, тарбиянын терең маанисин түшүнүшү, ар бир баланы таануусу жана анын кайталангыс жеке талантын бапестеп өнүктүрүшү ж.б педагогдун ийгилигин аныктайт [9].

«Окуучуларды тарбиялоодо балдарга карата сүйүүдөн артык методду да, тартипти да, тарбиялоо чеберчилигин (искусствосун) да билген эмесмин» – деген Песталоцци [6]. «Педагогикалык жамааттагы индивидуализмден, өзүмчүлдүктөн жана пикир келишпестиктин натыйжасындагы чырчатактан зыяндуу эч нерсе болбойт» (А.С. Макаренко) [5].

Педагогикалык жамааттын рухий баалуулуктары (камкордугу, баланы коргошу ж.б.) канчалык бай болсо, окуучулар жамааты ошончолук аракетчил, активдүү, күчтүү болушат. Жамааттык ой, идея жаралып, чыгармачылыктын натыйжасында мыкты педагогикалык шарт түзүлөт.

Адамдын мүнөзүнүн, адептик-рухий сапаттарынын калыптанышында, анын биографиялык фактылар маанилүү роль ойнойт, бирок биографиялык фактылар аркылуу анын кулк-мүнөзүн, психологиялык өзгөчөлүгүн айтуу кыйын. Элдин менталитетинин калыптанышында басып өткөн тарыхый жолу маанилүү, бирок элдин тарыхы аркылуу этнопсихологиялык өзгөчөлүгүн адептик-рухий абалын айтуу кыйын.

Окуучулардын рухий кубатын өнүктүрүү үчүн: турмуштагы тоскоолдуктарды жеңип өтүүгө, социалдык, табигый чөйрөгө жеңил адаптациялануууга даярдоо, моралдык жоопкерчиликти, эркти калыптандыруу, интеллектуалдык даярдык, өздүк чыгармачылыгын ачуу, инсандын базалык маданиятын калыптандыруу ж.б. керек. Алар жашоосуна керек кесипти өзү аныктап, эмгек маданиятын, саясий, экономикалык, укуктук, рухий, физикалык, улут аралык, адам менен мамиле түзүү маданияты, илимдерди өздөштүрүү, чыгармачылык, динди таануу ж.б. зарыл.

Коллективизм бул – окуучулардын өз ара мамилесин бекемдөө, чогуу билимдерди, маданияттарды өздөштүрүү, бир багытта аракеттенүү. Окуучу маданияттарды өздөштүрүшү менен «ачылыш ачат», коллектив менен бирдикте аракеттенет, акылы ойлонот, рухий «ойгонот», анын руханий өнүгүүсү

үчүн жалпы билим берүүнүн мазмуну канааттандырбай калганда өзү изденүүгө мажбур болот. Баланын изденүүсү, аракети аркылуу руханий кубаттуулугу артат. Инсандык сапаттар ушинтип калыптанат [4].

Эми рухий кризиске себеп болгон, мурдагы тарбиялык системадагы кемчиликтерге токтололу: окуу-тарбия процессин стандартташтыруу, социалдык заказга жараша детерминацияланган орточо инсанды калыптандыруу, жынысы, жеке өзгөчүлүгү жеткиликтүү эске алынбай, окуучуну деформациялоо, унификациялоо, «конвеерден» чыгаруу. Идеологияга, саясатка туура келген тарбиянын үстөмдүгү, жалпы адамзаттык маданияттын топтогон тажрыйбасынын айрымын тоготпоо, ойломдун планетардык тибин калыптандырууга көңүл бөлүнбөгөн ж.б.

Логикалык ой жүгүртүүгө даяр эмес окуучуга акыл операциялары менен байланышкан маселени, логикалык жыйынтык чыгарууну сунуш кылуу натыйжасыз усул. Ошондой эле рухий аракетке даяр эмес окуучуну рухий өнүктүрүү реалдуу эмес. Адамдын рухий багытын: баалуулуктары, ынанымы, кызыкчылыгы, сезимдери, ишеними түзөт. Окуучунун кызыгуусу, ички мотивациясы болбосо, эч ким аны рухий аракетке мажбурлай албайт.

Рухий тарбиянын натыйжасыз болуп жатышынын себеби төмөнкүлөр: ар бир улут өз тилинде сүйлөп, ар бир өлкөнүн өз идеологиясы болгону менен, баарында төмөнкүдөй параллелдүүлүк болгон: массалык өндүрүш, жалпы билим берүү, стандартташтыруу, борбордоштуруу, максималдаштыруу, синхрондоштуруу ж.б. Баардык индустриялуу коомдо кубаттуу социалдык, саясий жана маданий бир түрдүүлүккө басым жасалган. Мындай шартта билим берүүнү реформалап же модернизациялап, ондоо реалдуу эмес. Демассификация, дебюрократташттыруу, деборбордоштуруу ж.б. зарылчылыгы бар. Анткени бала менен жекече иштебеген коомдо уникалдуу инсанды өнүктүрүүгө шарт болбойт.

Эл менен мамилени жакшыртып туруу – рухий өнүгүүнүн зарыл шарты, бирок эл короолорун курчай баштаган. «Ким өзүнүн короосун биринчи курчаса, ал азыркы цивилизациянын артыкчылыгы жана кемчилиги менен индивидуализмге карай жол баштаган». Индивидуализм – өзүмчүлдүккө орун берилген коом. Эгоизм орун алган жерде рухий өнүгүү чектелүү болот [3].

Тынчтыкты жактоочу философтор адамзатка ар башка (материалисттик, экзистенциалдык, неотомисттик ж.б.) багытта өнүгүүгө жол көрсөтүп, талаш-тартышка «азык» таштаган. XX кылымда Европа өлкөлөрүндөгү институттарда бир нече багыттагы моралдык билимдер берилген. Германияда аларга карама-каршы фашисттик теория окутулган. Башкалардын колдоосу болбосо, фашизмди дүйнөлүк деңгээлдеги зыяндуу «окууга» айландыра алмак эмес. Наадандар – мыкты адам катары таанылган. Нобель сыйлыгынын лауреаттары: Фриц Хабер химиялык куралды ойлоп тапкан, немецтик армия аны колдонгон. Лауреат Алексис Каррел эркектерди стерилдештирүү (тукумсуздандыруу), элди газдуу камерада кыруу усулун сунуштаган. Лауреат Антонну Эгаш Мониш орто кылымдардагы адамды кыйноо усулун псих-ооруканада, концлагерде колдонууну сунуштаган. Мээни учтуу предмет менен сайса, адам өзүнүн ким экендигин билбей калган. Лауреат-инфекционист Даниел Гайдусек – 50гө жакын баланы асырап, аларды сексуалдык зордуктаган. Дагы бир лауреат Жан Клод Арно 18 аялды зордуктаган, финансылык алдамчылык үчүн кармалган. (Дело №1 (1216). 15. 2020).

Адамзаттын акылдуулары, билимдүүлөрү дүйнөлүк философияларда өнүгүүнүн «формуласын» формулировкалагысы келген. Бирок Платон сыяктуу мүнөздүн жакшылыгы, асылзаттыгы же идиллистикалык (табигаттын кучагында жай баракат жаткан бейпил) жашоону эңсөөгө, Кант сыяктуу моралдык принциптерге, Гуго Гроция сыяктуу согуштардын ортосунда кыска убакыт тынчуу жөнүндө кыялга келишкен. Мораль тынчтыкта жанаша жашоону сунуштаса, саясат согушту, элди азайтууну таңуулаган. Миллитаризмдин (кубатуу мамлекеттин куралданууну күчөтүп, жаңы согушка даярдануу үчүн реакциячыл,

агрессивдүү саясатынын) классиги Клаузавец: «Согуш – саясаттын башка каражат менен уландысы» – деген. Азыр илимди, техниканы, технологияны гумандуу максатка пайдаланып, тынчтыкта жанаша жашоо кыйын болуп калды. Анткени планетаны талкалоого жетишерлик курал өндүрүлдү.

Согуш философиясы – согуштун өзүндөй эски нерсе. Геродит эллин (байыркы гректер) менен варварлардын (байыркы римдиктер менен гректер башка жерде жашаган элдерди варвар дечү) согуштары жөнүндө тогуз китепте маалымат чогулткан. «Тынчтыкты кааласаң, согушка даярдан» – деген Геродит. Согуштар дайыма болуп келген. АКШлык профессор М.Микель б.з.ч. 3600-жылдан 1962-жылга чейин 14542 согуш болгонун, XIX кылымдагы согушта ар бир миң адамдын 15 каза болсо, XX кылымдагы согушта 90 каза болгонун белгилейт. Окумуштуу Айвен Геттинг (АКШ) мурунку кылымга салыштырмалуу акыркы кылымда согушта 4,5 эсе көп кырылгандыгын белгилейт. Биздин оюбузча 6 эсе көп кырылган [3]. Согушту саясатчылар баштаган, жоокерлер согушкан, эл азабын тарткан.

Илимий-техникалык революция адамзатты эки системага (капиталисттик, социалисттик) бөлгөн, үстөмдүк кылган колонизатор жана көз каранды өлкөлөр түзүлгөн. Дүйнөдө экономикалык, социалдык, саясий, идеологиялык карама-каршылыктар пайда болгон. Көз карандылыкта жашаган элдердин абалы оор болуп, адабияттагы драмалар, трагедиялар адамга гумандуу мамиленин жетишсиздигинен, адилетсиздиктен түзүлгөн.

Өткөн кылымдагы биринчи дүйнөлүк согуш, 1916-жылкы үркүн, 1917-жылкы революция, жарандык согуш, репрессия, экинчи дүйнөлүк согуш, талкаланган шаарлар, Афган согушу, кайра куруу саясаты, союздун тарашы ж.б. – адептик-рухий кризиске себеп болуучу факторлор. Дүйнө жүзүндө: геноцид, фашизм, расалык дискриминация, колониялык саясат, эки (капиталисттик, социалисттик) системанын жарышып куралданышы, диний экстремизм, экологиянын бузулушу, согуштар, маалымат зордугу, адилетсиз саясий «оюндар», СПИД, баңгилик ж.б. эстесек, рухий өнүгүүгө өбөлгө түзүүчү реалдуу шарт болгон эмес, ал эми рухий кризиске объективдүү себептер болгон, – деген жыйынтык чыгарууга болот.

Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын адептик-рухий тарбиянын натыйжасыздыгынын себеби төмөнкүлөр: майда улуттардын менталитети, этнопедагогикасы эске алынбаган тоталитардык таалим-тарбия, БӨУдардын (НПО) үй-бүлөлүк тарбияга орунсуз кийлигиши, интернет, теле берүү аркылуу бейадеп чыгармаларды пропагандаланышы. Ар бир элдин өз маданияты, дүйнө таанымы болот. Элдин маданиятына, философиясына туура келбеген Батыштын орунсуз сексуалдык «тарбиясы», мазмуну, усулдар киргизилиши. Философ Н.А. Бердяев: «Трагедия – адамдын руханий табигаты менен эмпирикалык чындыктын ортосундагы терең дал келбестик, чечилгис абал» – деген [2]. Биздин трагедиябыз адамдын руханий табигаты менен эсептешпей, «калыптандырууга», стандартташтырууга, максималдашууга умтулганбыз.

Элдердин рухий жакындашуусуна жол ача турган каражат катары спорт негизделген. Ааламдашуу доорунда материалдык баалуулук адептик-рухий баалуулуктан жогору коюлуп, жеңишке жетүү каражаттары өзгөрдү. Чексиз агрессивдүүлүктү, зордук-зомбулукту даңазалаган эрежесиз эр таймаш оюну мыйзамдаштырылды. Дүйнө таанымы калыптана элек жаш уланкыздарды шыктандырып, ага тартылды. Өкмөт баш болуп аларды куттуктап, пас түшүнүктөрдүн түптөлүшүнө өбөлгө болду.

**Изилдөөнүн натыйжаларын талдоо**. Дүйнө жүзүндө окуучуларды рухий өнүктүрүүгө карата көп түрдүү тарбиялык системалар бар. Анын ар бири ар башка философияга негизделген, теориялык модели түзүлгөн. Бул системаларды абсолютташтырып, таңуулоо да, аны тоготпоо да туура эмес.

АКШнын, Европанын педагогикалык практикасында бихевиористтик теория (Б.Ф. Скиннер, А.Лазарус, А.Бандура ж.б.) кенен тараган. Бихевиористтик педагогикада адамдын психикалык татаал жашоо аракетин,

«стимул-реакция» формуласын пайдаланышат, б.а. стимулдаштыруу аркылуу окуучуларды интеллектуалдык, руханий өнүктүрүү, башкаруу искусствосу үйрөтүлөт. Прогматик (А.Маслоу, Дж.Дьюи, Т.Брамельд, Э.Келли ж.б.) окуучулардын тажрыйбасын кеңейтүү аркылуу интеллектуалдык, руханий өнүктүрүү жолун туура көрүшөт. «Чөйрө тарбиялайт, турмуш – мыкты сабак берүүчү» (Дж. Дьюи). «Таалим-тарбия – жеке интимдик процесс» (Ругги).

Таалим-тарбияны «интуиуцияга», «көзүн ачылууга» (озарение), «көз карашына», «акылына» таасир этүү катары карагандар – экзистенциалдык (М.Хайдаггер, К.Ясперс, Ж.Сартр, Н.А. Бердяев ж.б.) жана неотомисттик (М.Адлер, Ж.Маритон, У.Кинингхем, М.Казотти ж.б.) педагогдор. Алар интеллектуалдык жактан өнүктүрүп, сезимдерин тарбиялап, ага баш ийдириш керек деп эсептешет.

Материалисттик көз караштагы (СССР) педагогика (Н.К. Крупская, А.С. Макаренко ж.б.) объективдүү дүйнөнү таануу, илимий теориялар, адабият, маданият, философия, этика ж.б. аркылуу рухий тарбиялоону туура көргөн.

Вальдорфтук мектеп антропостук окууга негизделет. Анын негизги идеясы: адам үч дүйнөнүн биригүүсү: физикалык, рухий, жан-дүйнө (душа). Ошондуктан Рудольф Штейнер физикалык, психикалык гармониялуу өнүгүүгө, табигат жана курчаган дүйнө менен гармониялуу мамилеге, интеллектти (рух) жана адептүүлүктү (жан) чогуу өнүктүрүүгө көңүл бөлүнөт. Вальдорф мектебин – эркин адамдардын союзу деп аташат. Анын директору болбойт. Билим берүүнүн, тарбиянын мазмунун, форма-усулун мугалим тандайт, баа коюлбайт, эч кимди стресске дуушар кылбайт.

Ааламдык билим берүү системасынын (Америка, Европа) кенен тараган моделин Р.Хенви, М. Боткин негиздеген. Ааламдык билим берүү системасындагы негизги идеясы: дүйнө – бири-бири менен байланыштагы жер бетиндеги система. Адамдын ийгилиги же көйгөйү жер жүзүндөгү элдердин жакшы жашоосу же көйгөйлөрү менен байланыштуу. Окуучуларды рухий өнүктүрүү үчүн чет тилдерди үйрөнүү, өлкөлөрдү (саясатты), маданияттарды таануу, культурология, дүйнөнүн өнүгүшүн, келечегин, адамзаттын планетардык маселелерин чечүүгө көңүл бөлүшөт.

Адилет коомчулук түзүү менен тарбиялоо (АКШ) системасы. Л.Кольбергдин идеясы боюнча: инсан коомго жараша жогорку же төмөнкү моралдык өнүгүү даражадагы сапаттарга ээ болот. Адамдын акылынын жана адептик аң-сезиминин абалы барын аныктайт.

Жалпы балдарга камкордук көрүп, тарбиялоо (РСФСР) системасын Ленинграддын окумуштуусу И.П. Иванов түзгөн. Негизги идеясы: педагогдордун окуучуларды пайдалуу иш-аракетке тартуусу, натыйжалуу кызматташтыгы, романтизм, көп ролдуу чыгармачылык, жамааттык чыгармачыл иштер, өзүн-өзү башкаруу, бири-бирине жардамдашуу, дидактикалык жомоктор, ШТК (КВН), брифинг ж.б. окуучулардын рухий кубатын өнүктүрөт.

Маданияттардын диалогу мектебинин тарбиялык (РСФСР) системасы. Анын негиздөөчүсү С.Курганов. Бул системада М.Бахтиндин (маданият – жандуу мамилелердин байланыш процесси), Л.Выготскийдин (өнүккөн интеллект диалогго умтулат), В.Библердин (маданияттарда философиянын логикасы жүзөгө ашырылат) идеялары бириктирилген. Азыркы мезгилде маданий идеал өзгөрдү. В.Библер билимдүү адам тарбиялоодон маданияттуу адам тарбиялоого өтүүнү, күрөшүүчү адам тарбиялоодон тынчтыкка умтулган адам тарбиялоону сунуштаган. Маданияттардын диалогу аркылуу адамдын ойломун өзгөртүү керек. Байыркы, өткөн замандагы, азыркы маданияттарды таануу абзел. Курстун программасында: Байыркы маданияттар, орто кылымдагы маданияттар, жаңы мезгилдин (XVII-XIX) маданияты, азыркы мезгилдин маданияттары тааныштырылат.

Жалпы билим берүүчү мектептерде гуманисттик тарбия берүү системасы. Анын негиздөөчүсү Москва шаарынын №825 мектебинин директору В.А. Караковский. Негизги идеясы: инсандын кызыкчылыгына, шыгына, жөндөмүнө жараша руханий

байытуу. Мында чоң педагогикалык кеңешке ар бир класстан өкүл катышат. Бир жылда ал эки-төрт жолу болуп турат. Кээде педагогдордун пикирине туура келбеген чечим чыгарылат. Окуучулардын өзүн өзү башкаруу комитетинин пикири эске алынат. Эркин мамиле түзүп, чыгармачыл окуу, дидактикалык оюндар, театр, билим майрамы, интеллектуалдардын таанып билүү кызыгуусун канааттандыруу, ыр майрамы, эстетикалык табитин өнүктүрүү ж.б. көңүл бөлүнөт. Окуу процесси класстан тышкаркы иштер менен интеграцияланат. Сабактардын жаңы формалары: предмет аралык интеграциялоо, ар түрдүү курактагы балдардын чыгармачыл сабактары өтүлөт.

Мектеп-комплекс тарбиялык системада (РСФСР) С.Т. Шацкийдин, А.С. Макаренконун, Ф.Ф. Брюховецкийдин А.А. Захаренконун, В.А. Караковскийдин ж.б. тажрыйбалары жалпыланып, Белгородск областында №18 Йошкар-Олы мектебинде түзүлгөн. Мында тарбиялык мазмун педагогика, психология билими менен чектелбей, уюштуруу-башкарууга, гуманизм идеяларына, чоңдор менен балдардын кызматташтыгына, балдардын максатына жетүүсүнө жардам берүүгө көңүл бөлүнөт. Окуу-тарбия процесси милдеттүү программасыз өтүлөт, режим менен регламент катуу сакталбайт. Окуучулардын кызыкчылыгына жараша музыка, живопись, спорт, техника ж.б. ийримге катышат. Педагогдор ата-энелер, маданий мекемелер, өндүрүш, чарбалар кызматташат. Хореография, сахналык искусство, өндүрүштүк комплекс, дарылоо-профилактикалык борбор иштейт. Өндүрүш-комплексинде, мектептик устаканада металл, жыгач менен иштөө, тигүү, кулинария үйрөтүлөт. Мектеп-комплексинде окуучуларды жайкы стационардык лагерде эмгектенүү, эс алуу уюштурулат.

Институтоционалдык белгилери боюнча рухий тарбияны үй-бүлөлүк, мектептик, мектептен тышкаркы, конфессиялык болуп бөлүнөт. Америкалык педагогикада общиналык (бир аймактын калкынын өзүн-өзү башкаруу коому) да бар [8].

**Тыянак**. Философиялык идеяларга негизделген классикалык билим берүү системасы, педагогика илими азыркы мезгилдеги адептик аң-сезимди жогорулатуу, рухий өнүгүүнү, психикалык соолукту камсыз кылуу усулдарын системалаштырууга жараксыз абалда. Философиялык көз карашы боюнча ойчулдар рухий тарбияны ар бир багыт ар башкача божомолдогон. Жалпы адамзатты бириктирүүгө кызыктар саясат болгон эмес. Акыркы он жылдыктагы билим берүүдөгү реформалоо, модернизациялоо натыйжасыз болушунун себеби ушул жерде (Э.Д. Днепров). Ошондуктан азыркы философтор башка маданияттардын, философиялык багыттардын (персонализм, неотомизм, экзистенционализм ж.б.), салттуу диндердин диалогун туура көрүүдө. Ушул себептен педагогиканын методологиясы иштелип чыккан деп ырастоо да кыйын. Адам дайым изденип, дүйнө таанып, өзгөрүп, жашап келген. Илим нонагаллактиканы өздөштүргөнү менен, адамдын рухунун табигатын толук тааный элек. Дүйнөнүн, коомдун, адамдын биз тааный элек “табышмактары” толук чечиле элек. Азыр адамзатка жаңыча ойлонуп, тынчтыкта жанаша жашоо саясатын жүргүзүп, элдердин биригүүсүнө умтулуусу зарыл. Бири-бирин талап, жеп, жок кылуу айбандардын үйүрүнө таандык. Адамдардын коомдору андан жогору болууга тийиш.

**Адабияттар:**


1. Бауэр Е.А. Духовно-нравственное воспитание детей и подростков: Германия и Россия. //Педагогика. №8. 2010.
2. Бердяев Н.А. Философия творчества культуры и искусства. М.1994. Т-2. – С. 190.
3. Бурлацкий Ф. Новое мышление. М., Политиздат. 1989
4. Жумабаева Г.А. Окуучунун рухий өнүгүшүндө тандоонун мааниси. КББА Кабарлары. 2020. – №3 (52) – С. 135-144.
5. Макаренко А.С. Сочинения: В 7 т. – М., 1958. – Т. 5. – С. 179.
6. Песталоцци И.Г. Избранные педагогические сочинения: В 2 т. – М., 1981. – Т. 2. – С. 68.

7. Подласый И.П. Педагогика. М., 2003. – 14-б.
8. Российская педагогическая энциклопедия в 2-х. Под ред. В.В.Давыдова – М., 1999. Т-1, – С. 165.
9. Сухомлинский В.А. Избранные произведения: В 5 т. – Киев, 1980. – Т. 5. – С. 102.
10. Ушинский К.Д. Педагогические сочинения: В 6 т. – М., 1988. – Т. 3. – С. 168-169.

***Рецензиялаган:***
***Муратов А.Ж.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***